УДК: 37(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-281-284

**Сулайманова Г.А.**
аспирант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Sulaymanova.g@bk.ru
**Сулайманова Г.А.**
аспирант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
Sulaymanova.g@bk.ru
**Suleymanova G.A.**
Postgraduate Student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Sulaymanova.g@bk.ru

# ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ – ЖАРАТМАН АГАРТУУЧУ

# ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ – ТВОРЧЕСКИЙ ПЕДАГОГ

# ISHENALY ARABAEV – CREATIVE TEACHER

**Аннотация:** Бул макалада туңгуч агартуучу, кыргыздын алгачкы интеллигенциясынын бараандуу өкүлдөрүнүн бири Ишеналы Арабаевдин ар тараптуу ишмердиги жана, албетте, эң ириде анын билим берүү, илим жаатындагы эмгеги жөнүндө сөз болот. И.Арабаевдин басып өткөн жолу кийинки муунга чоң сабак.
**Негизги сөздөр:** И. Арабаев, эл, этнос, дүйнөтааным, агартуучулук, илим, интеллигенция, кыргыз дүйнөсү, жаратмандык, Алиппе.

**Аннотация:** В данной статье речь идет о многогранной деятельности Ишеналы Арабаева, первого просветитея, одного из видных представителей ранней кыргызской интеллигенции и о его деяетльности в области образования и науки. Путь И. Арабаева – урок для подрастающего поколения.
**Ключевые слова:** И. Арабаев, этнос, мировоззрение, просветительство, наука, интеллигенция, кыргызский мир, творение, алфавит.

**Annotation:** This article deals with the multifaceted activities of Ishenala Arabaev, the first educator, one of the prominent representatives of the early Kyrgyz intelligentsia and his work in the field of education and science. The way of I. Arabaev is a lesson for the younger generation.
**Keywords:** I. Arabaev, ethnos, worldview, enlightenment, science, intelligentsia, Kyrgyz world, creation, alphabet.

Ишеналы Арабаевдин жашоо жолу, өмүр баяны бир карасаң өтө жөнөкөй, бир карасаң татаал, жана дагы сөзсүз мазмундуу: 1882-жылы Кочкор жергесинде орто дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келгени, оболу Караколдогу мусулман мечитине окууга жиберилгени, кат-сабаты жоюлгандан кийин калаада калып, татар мектебинде билим алууну улантканы, мугалими Заиров Тайыр жаш Ишеналынын окууга болгон дилгирлигин, зээндүүлүгүн байкап, Оренбург шаарындагы диний мектептен окуусун улантууну сунуштаганы айтылат. Ооба, бул сөзсүз тагдыр. Адамга кимдир бирөө жашоосундагы кыймылдарга сөзсүз себепкер болот.

Ырас, И.Арабаев чокуларын кар баскан Ала-Тоодон алыскы Оренбургга келген мезгилде Россиядагы конфессионалдык билим берүү системасында позитивдүү өзгөрүүлөр болуп, кайсы гана коом үчүн болбосун агартуучулукка маани берилип, көбүрөөк басым жасалып жаткан.

Тилекке каршы, И.Арабаев окууга өтө албай калат да, Константинополь, азыркы Стамбул шаарына барып, түрк лицей мектебинин 3-классына кабыл алынат. Эбепке себеп деген ушул да, ал жерде алты ай окуган соң, Араб мусулман дүйнөсүнүн Измир, Бейрут, Мекке, Медина шаарларында бир жарым ай чамасында болуп, зыярат жасаганга тагдыр себепчи болот. Анан кайрадан Константинополго келип окуусун улантат. Бирок, Константинополдогу диний мектептин аягына чыккан эмес. Оренбург шаарына келип, Хусейин медресесинде бир жыл окуган. 1910-жылы Уфа шаарына келип, «Галия» медресесинде окуусун улантып, 1913-жылы бүтүргөн. Географиясына көз жүгүртсөк, балким бул бүгүн жаңылык эмес. Ал эми И. Арабаев эмгектенип жаткан шартты эске алсак, дүйнөнүн чар тарабынан билим топтоп, илим казуу чоң ийгилик болгон.

Окууну аяктап, колуна тийиштүү кагаздарды алган соң, кыргыз жергесине келип, 1913–1916-жылдарда азыркы Тоң районунун аймагында жана Нарын өрөнүндө балдарды окутканы айтылат. Алган теориялык билимди кайра практика менен бекемдеп, элге кызмат кылуу үчүн эмне деген эрк, эмгек, тобокелчилик керек болчу. Кыргыздын алгачкы интеллигенттери мына ушинтип башын канжыгага сайып эмгек кылып, түйшүк тартып, жанын сабак, аягында аскага урунган бүркүттөй жан беришти. Бул эми образдуу айтылган нерсе, а бирок чындай келгенде алар от кечип жүрүшкөн.

Динге кысым көрсөтүлбөгөн соң, исламдык билим берүү ыкмаларын “аңылап-жандандырган жана мусулман мектептеринде диний предметтер менен бирге табигый-гуманитардык предметтерди кошуп окутууга негиз салган “жадидчилик” кыймылынын россиялык мусулмандар чөйрөсүндө өнүм алганы ошондон окшойт” [1].

Көрүнүп тургандай, И. Арабаевдин жадидчилик ишмердүүлүгүнүн тамыры мына ушул жакта жатат. Айрым окумуштуулар анын туңгуч кыргыз интеллигенциясынын идеологу жана “молдокеси” экенин белгилей келип: “Ишенаалы Арабаевдин жадидчилиги, чыгаандар когортасына кирген кыргыздын башка инсандарынын жадидчилиги менен жадидизмдин кыргыз элинин тарыхындагы ролу көз жаздымда калып, үстүртөн каралып, учкай бааланып келүүдө. Мунун себеби, биринчиден, Кыргызстанда “жадидизм” феноменинин өзү терең изилденип, толук жана акыйкат тарыхый баасын алуу менен кыргыз коомчулугунун алдында али да болсо реабилитациялана элек. Экинчиден, Ишеналы Арабаев жана башка кыргыз жадидчилеринин когортасы саясий, мамлекеттик, коомдук ишмердүүлүгү жактан реабилитацияланган менен идеологиялык жактан дале болсо толук реабилитацияланбай келет” [1] деп өздөрүнүн калыс баасын бергенге аракет кылышкан.

Аны агартуу тармагынын дыйканы десек эч жаңылышпас элек. “Алипбэ йаки төтө окуу” [Уфа: Шарк, 1912. – 52 б.], “Жазуу өрнөктөрү” (Оренбург: Вакыт, 1912.), “Кыргыз алиппеси” [Ташкент: Орто Азия мамлекеттик басмасы, 1924. – 58 б.], “Жазуу жолунда саамалык” [Эне тилинин жазуу өрнөгү боюнча мугалимдер үчүн колдонмо). (М.: СССР калктарынын борбордук басмасы, 1925. – 24 б.], “Баштооч мектептерде эсеп үйрөтүү жолу” [М.: СССР калктарынын борбордук басмасы, 1925.), “Эл адабиятын жыйноочуларга колдонмо” (Фрунзе: Кыргызмамбас, 1931], “Табият таануу” [Толук эмес орто мектептер үчүн]. [М.: Центриздат, 1932] баштаган ар кыл багыттагы 17 илимий-усулдук китептери анын энциклопедиялык деңгээлде билими болгонунан кабарлайт. Улуу агартуучунун аты аталган эмгектери кыргыз элинин кат-сабаты жоюлуп, алгачкы интеллигенциянын калыптанышында зор ролду аткарган.

Ишеналы Арабаев окумуштуу, агартуучу, тилчи, алиппечи, котормочу, саясий ишмер катары көптөгөн жаратман иштердин башында турган. Буга ошол учурдагы кыргыз элинин турмушундагы коомдук-саясий кырдаал түрткү болгон. Ал кыргыздын алгачкы интеллигенциясына салыштырмалуу өзүнүн агартуучулук ишмердигин кыйла эрте баштаган.

И. Арабаев диний мектептен билим алып, алгачкы агартуучулук ишмердиги да диний окуу менен тыгыз байланышып, өзү да “ислам жолундагы инсан болгондуктан”, анын жазган китептеринде диний мотив кызыл сызык менен өтөт. Бирок, анын өзү И.тАрабаевдин агартуучулук ишмердүүлүгүнө көлөкөсүн түшүрбөйт, тескерисинче, кадыр-баркын арттырат. Себеби, 19-кылымдын аягы 20-кылымдын башында тарыхый күрөштөрдүн аренасына айланган Борбордук Азия өлкөлөрүнүн улуттук жана маданий өнүгүшүндө жадидчилик

кыймылынын орду өзгөчө. Татар изилдөөчүсү Я.Г. Абдуллин: "Жадидчилик өткөн феодалдык мураска каршы чыккан кыймыл катары пайда болгон жана "жадид" термини анын семантикалык маанисине ылайык, коомдук турмуштагы жаңылыктын синоними болуп калган. Анын катарына феодалдык идеологияга жана орто кылымдык тартиптерге каршы күрөшүүчүлөр, прогресстин жана илимий билим берүүнүн талапкерлери кошулган" [1] – деп так аныктама берген. Ал эми адабиятчы Аида Эгембердиева "Молдо түшүнүгүнүн соет мезгилине чейинки интерпретацияланышы" деп аталган макаласында бул кыймыл тууралуу төмөнкүдөй маалымат берет: "1901–1902-жылдары Кыргызстанда "жадид усулу" деп аталган жаңы ыкмадагы мектептер пайда боло баштаган. Аларда дин сабактарына катар жалпы билим берүүчү предметтер: арифметика, география, тарых, табият таануу окутулган [17, 73-б.]. Атеисттик сөздүктө "жадидизм" түшүнүгү "татар буржуазиясынын ичинде жаралып (19-кылымдын 80-жылдарында), андан соң аталган кылымдын 90-жылдарынан тартып Орто Азияга жайылган буржуазиялык улуттук кыймыл" дегенди билдирет [2, 137–138-бб.). Жадидизм өкүлдөрү диндеги реформаторлор катары Борбордук Азияга диндин жаңы – агартуучулук функциясын алып келишкен. Татарлардан башталып, өзбектерде өзгөчө өнүккөн бул агымдын Кыргызстандын турмушуна дагы station аздыр-көптүр таасирин тийгизип өткөнүнүн чыныгы далили – жанатан биз сөз кылган акын молдолордун чыгармачылыгы. Алар араб тилинде жазышып, алгачкы сабаттуу адамдардын (Осмоналы Сыдык уулу, Молдо Кылыч) алгачкы китептери (бул келип кыргыздардын алгачкы китептери дегенге такалат) Казань, Уфа шаарларынан жарык көргөн. Демек, кандай багытты көздөбөсүн, жадидизм агымынын таасири дагы агартуучулук жагдайда кескин терс болгон эмес" [6].

И. Арабаев, Ж. Абдрахманов, А. Сыдыков ж.б.лар алгачкылардан болуп, Түркстан АССРинин карамагында өз алдынча Кыргыз областын түзүү маселесин көтөрүп чыгышкан. Ошол зор тарыхый бурулуштардын жылдарында И.Арабаев Кара-кыргыз илим комиссиясынын төрагасы болуп иштөө менен, өзү башында туруп жазган "Алипбэ йаки төтө окуу", "Жазуу өрнөктөрү", "Кыргыз алиппеси", "Жазуу жолунда саамалык" (Эне тилинин жазуу өрнөгү боюнча мугалимдер үчүн колдонмо) аттуу эмгектери башталгыч билим берүү жана тил илиминин башатына жол чапса, "Баштооч мектептерде эсеп үйрөтүү жолу" эмгеги математика илиминин, "Эл адабиятын жыйноочуларга колдонмо" адабият таануунун, "Табият таануу" китеби улуттук табият таануу илимине киришүүгө негиз болуп берген. Демек, биз аны кыргыз илим-билиминин баштоочусу катары көрүнүктүү агартуучу-окумуштуу болгон сыймыктануу менен айта алабыз.

Кыргыздын алгачкы агартуучусунун 1932-жылы жарык көргөн «Табыйат таануу алип беесі» китебин кириллица тамгасына көчүрүп, басмага даярдаган топтун өкүлү, Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин окутуучусу, педагогика илиминин кандидаты, доцент Миргүл Эсенгулова: «Аталган китеп мындан 80 жыл мурда жазылып чыгарылса дагы, анда азыркы учурда эске ала турган бир топ керектүү материалдар жана методикалык ыкмалар бар экен. Анда Жер, Күн системасындагы планеталардан баштап түндүк уюл жакта жашаган жаныбарлар, ысык алкактагы өсүмдүктөр, айыл-кыштак чарбалары, токой чарбачылыгы, өнөр жайлары жана электрдин колдонулуштары балдарга жеткиликтүү маалымдалган. Дагы бир баса белгилей турган нерсе, адамдын өз дене түзүлүшү, анын ар бир мүчөсүнүн аткарган милдети, организмдин жетилүүсү жана чарчоосу, дем алуу, тамактануунун мааниси, кан айлануунун жүрүшү жана башкалар жөнүндөгү маалыматтар да камтылган» – деп аталган эмгектин сыры кетсе да, сыны кете электигин баса белгилеген. 3–4-класстын окуучуларына арналган аталган эмгектин баалуулугу кыргыз элинин азыркы учурда пайдаланылбай калган терминдеринин жыш колдонулганында жана анда илимий маалыматтар азыр да маанилүүлүгүн жоготпогонунда. Айрым окумуштуулар белгилегендей, И. Арабаев менен Д. Шамгун уулунун «Табыйат таануу алип беесі» башталгыч мектептин мугалимдерин даярдоочу университеттерде жана колледждерде да окутулса ашыктык болмок эмес.

Ал кайра жаралуулардын мезгилинде жашагандыктан, миң өмүргө бергис бир өмүрдү күйүп турган от болуп жашаган. 1924-жылы үч кишиден турган топ (Осмонкул Алиев, Сыдык Карачев менен бирге) улуттук тун гезит «Эркин-Тоону» негиздеп, «Эркин-Тоо» деген

атты да И. Арабаев койгон. Гезиттин №1 санына «Эркин-Тоо» аттуу макала жазган. Ал муну менен кыргыз улуттук басма ишинин жана журналистикасынын баштоочуларынын биринен болуп калган. Тарых жана тагдыр И.Арабаев баштаган кыргыздын туңгуч интеллигенциясына мына ошол тарыхый озуйпаны жүктөгөн жана алар аны татыктуу аткарышкан. Белгилүү илимпоз, академик Сыртбай Мусаев белдүү гезиттердин бирине берген маегинде: “И. Арабаев окууга, билим алууга болгон чоң дилгирлик, көксөө менен өзү туулуп-өскөн чөлкөмдөн чыгып, Арабиянын, Түркиянын, Россиянын чоң-чоң шаарларын кыдырууга бел байлаган Биринчи кыргыз, алган билимин өзүнүн элине кантип тартуунун жолун издеген, кыргыз жергесине жаңы методдогу алгачкы мектептерди ачууга аракеттенип, бала окуткан Биринчи кыргыз агартуучусу, Биринчи методисти, биринчи алипбээсичи.

Ишенаалы Арабаевдин агартуучулук ишмердигинин дагы бир өңүрү – анын кыргыз алипбээсин түзгөн Биринчи аалым экендигинде. Медресе “Галияда” окуп жүргөндө кыргыз жана казак балдарына арнап Хафрис Сарсикеев менен бирге “Алипбээ жаки төтө окуу” деген китеби тамга таанытып, окутууга арналган алипбээ болсо, ага удаалаш эле сулуу жазуунун үлгүлөрүн көрсөтүп жазууга үйрөтө турган “Жазуу өрнөктөрү” аттуу 35 беттен турган чакан китеби аты аталгандай эле жарымына чейин ар бир тамганы туура жана сулуу чийүүнүн талап-эрежелерин, калган жарымында ошол тамгалардын сулуу чийилген өрнөк үлгүлөрүн берген...” – деп калыс баасын берген.

Ишеналы Арабаевдин агартуучулук, тилчилик, усулчулук, коомдук ишмердик, айтор, көп кырдуу ишмердигинин ар бир багыты өз-өзүнчө каралып, атайын изилдөөгө алынышы зарыл экени эч кандай талаш жаратпайт. Биз чакан макалабызда туңгуч интеллигенциябыздын бараандуу өкүлүнүн портретине айрым гана штрихтерди жасадык. “Биринчи” агартуучу жөнүндө айтыла турган кеп-сөз, изилдөөлөр али алдыда...

Ишеналы Арабаевдин коомдук-саясий жана агартуу ишмердүүлүгүнүн кайталангыстыгы ушунда, ал тууралуу канчалык көп жазылып, көп айтылгандай туюлса да, анын артында калган мурастарын барактап отуруп, анын тубаса педагогдук касиети, агартуучулук таланты тууралуу айта берсе түгөнгүс экенин моюнга алууга туура келет.

И. Арабаев жөнүндө сөз кылганда, ал жашаган доор жана анын кыргыз интеллигенциясынын алгачкы муунуна тийгизген таасири тууралуу айтпай кое албайбыз. Түндүк кыргыздардын падышалык Россияга кошулушу кыргыз жергесине бир топ прогрессивдүү жаңылыктарды алып келген. Орус падышалыгынын үстөмдүгү башкаруу системасында орноп, заң-мыйзамдар гана жаңыланбастан, келгин орустар жыш отурукташкан айылдарда орус, орус-тузем мектептери, мектеп-интернаттар, диний мектептер иштей баштаган. Бул жергиликтүү калктын кат-сабаты ачылып, билимге ээ болушуна шарт түзгөн. И.Арабаевдин улуттук туңгуч интеллигенциясынын сап башында туруп калышы да, кыргыз жергесиндеги мына ушул өзгөрүүлөр менен байланышкан.

Падышалык Россиянын тушунда динге жана диний билимди өгөйлөбөстөн, тескерисинче, динди жана диний илим-билимдерди коомдук өсүп-өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү катары карашкан.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абдырахманов Т.А., Кубатова А.Э., Байдилдеев Ж.Р. Эки доор инсаны. – Б., 2013.

2. Абдуллин Я.Г. Джадидизм, его социальная природа и эволюция, Казань, Казанский филиал АН СССР, 1988. – 104 с.

3. Арабаев Э. Алгачкы эмгектери. – Б., 2011.

4. Осмонкулов А. И. Арабаев – көрүнүктүү агартуучу. – Б., 1999.

5. Шерматов А. И. Арабаев: агартуучулук идеяларынын табияты // Кыргыз Туусу. 29.11.2022-ж.

6. Эгембердиева А. “Молдо” түшүнүгүнүн совет мезгилине чейинки колдонулушу [Текст] Китепте: Ысык-Көлдөгү ыйык жерлер: касиет, зыярат, өнөр. – Б.: “Айгине” маданий-изилдөө борбору, 2009. – 346–364-бб.

**Рецензент: филол. илим. док., проф. м.а. Эгембердиева А.**